БЕКИТЕМ
Ош МПУ нун ректору
и.и.а. профессор Б.Б.Зулуев
_____
«20» 06 2025-ж.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин 2025-2026 – окуу жылына жогорку кесиптик билим берүү боюнча абитуриенттерди кабыл алуу

Т А Р Т И Б И

Ош – 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жогорку кесиптик билим берүү боюнча кабыл алуу
ТАРТИБИ

I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттердин жарандарын Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин (мындан ары Ош МПУ) жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуунун акысын төлөө менен юридикалык жана (же) физикалык тараптар менен келишимдик негизде кабыл алууну жөнгө салат.

1.2. Бул тартип «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу эрежелерине жана башка укуктук нормативдик актыларга ылайык иштелип чыккан.

1.3. Ош МПУ жыл сайын КРнын мыйзамдарына жана ушул Тартипке каршы келбеген кабыл алуу эрежелерин өз алдынча иштеп чыгат, бекитет жана КР Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары КР ББИМ) менен макулдашат.

1.4. Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун биринчи курсуна жалпы орто жана кесиптик орто билимге ээ жарандар кабыл алынат.

1.5. Кийинки (жогорку) курстарга бүтпөгөн жогорку кесиптик билими жөнүндө бекитилген үлгүдөгү академиялык аныктамасы же түрдүү даражадагы жогорку кесиптик билим жөнүндөгү дипломдору бар жарандар кабыл алынат. Тиешелүү адистиктердин кийинки курстарына тиешелүү профилдеги кесиптик орто билим жөнүндөгү дипломдору бар жарандар кабыл алынат. Кесиптик орто билим адистиктеринин жана аларга профили боюнча туура келүүчү жогорку билим берүүчү багыттар жана адистиктердин тизмеси Ош МПУ тарабынан бекитилет.

1.6. Магистрлерди даярдоо программасы боюнча окутууга "бакалавр" академиялык даражасы ыйгарылган же "адис" квалификациясы ыйгарылган жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар тараптар кабыл алынат.

1.7. КРнын жарандары эгерде бул даражадагы билим алар тарабынан биринчи ирет алынып жатса, Ош МПУда мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык конкурстук негизде акысыз жогорку билим алууга укуктуу.

1.8. Ош МПУда башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген, эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосундагы же жекече жарандар ортосундагы келишимдердин негизинде ишке ашырылат.

1.9. Ош МПУнун күндүзгү, күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формаларына тапшырууда негизги критерийлер болуп абитуриенттердин билим деңгээли жана алардын жөндөмдүүлүгү эсептелет.

1.10. Ош МПУ даярдалуучу багыттардын жана адистиктердин тизмесин КР Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашуудан кийин абитуриенттерди кабыл алуу боюнча жарыя кылат.

II. Жогорку окуу жайына кабыл алууну уюштуруу

2.1. Студенттерди окутуу акысын төлөө келишими боюнча окутуунун бардык түрлөрүнө ЖОЖдун жетекчисинин буйругу менен кабыл алууну уюштуруу үчүн кабыл алуу комиссиясы түзүлүп, анын төрагасы ЖОЖдун ректору болуп саналат.

2.2. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планынын аткарылышы, лицензияда белгиленген, ошондой эле ЖОЖдорго кабыл алуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жооптуу болот. Кабыл алуу жана апелляциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибинин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

2.3. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, укуктары жана иш тартиби ЖОЖдун ректору тарабынан бекитилген ал жөнүндөгү жобосу менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылдык мөөнөттү түзөт.

2.4. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну ЖОЖдун ректору тарабынан дайындалган жооптуу катчы уюштурат. Бир эле адам удаасы менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.5. Кирүү сынактарын уюштуруу үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы сынактык жана апелляциялык комиссиялардын курамын бекитет. Бул комиссиялардын ыйгарымдуу укуктары жана ишмердүүлүк тартиби ЖОЖдун ректору тарабынан бекитилген жоболор менен аныкталат. Сынак алуу комиссиялары Ош МПУнун тажрыйбалуу окутуучуларынан түзүлөт. Бул комиссиянын курамы жыл сайын 50% дан кем эмес жаңылануурга тийиш.

2.6. Экинчи же кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сыноолорду уюштуруп өткөрүү үчүн ЖОЖдо аттестациялык комиссиялар түзүлөт. Аларды түзүү тартиби, курамы, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүк тартиби, ошондой эле аттестациялык сыноолорду өткөрүү ЖОЖдун ректору тарабынан бекитилген тиешелүү жоболор менен аныкталат.

2.7. Жогорку окуу жайына кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жарандардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен бекитилген, билим берүү чөйрөсүндөгү жарандардын укуктарын сактоону, кабыл алуу комиссиясынын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын, тапшыруучулардын жөндөмүн жана шыктарын баалоонун обьективдүүлүгүн, кабыл алууну өткөрүүнүн бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигине болгон жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

2.8. Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин ЖРТга катышкандыгы тууралуу маалыматтын аныктыгына көзөмөл жүргүзүүгө милдеттүү, ошондой эле абитуриент тарабынан берилген билими тууралуу башка документтерди текшерүүгө укуктуу.

III. Абитуриенттерге маалымат берүүнү уюштуруу

3.1. Абитуриент, анын мыйзамдуу өкүлдөрү, ата-энелер ЖОЖдун Уставы, анын билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө алган лицензиялары жана мамлекеттик же башка аттестациялоо (аккредитациялоо) сертификаттары, ЖОЖго кабыл алуу эрежелери, ошондой эле кирүү сынактарынын программалары жана кабыл алууга байланыштуу башка маалыматтар менен таанышууга укуктуу. Окутуунун акы төлөө келишими менен кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти, анын мыйзамдуу өкүлдөрүн, ата-энесин тараптардын милдеттери жана укуктары, окуу үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана акы төлөө тартиби, окуу акысын төлөөдөгү мүмкүн болуучу жеңилдиктер менен тааныштырууга милдеттүү.

3.2. ЖОЖдо жарандарды кесиптик жогорку билим берүү программалары боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө лицензиясы бар болгон учурда гана окутууга кабыл алууну жарыялайт.

3.3. Абитуриентти жана (же) анын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) кабыл алуу эрежелери менен тааныштыруу максатында ЖОЖ 3.1. пунктта көрсөтүлгөн документтерди өзүнүн расмий сайтына жайгаштырууга жана/же 1-майдан кечикпеген мөөнөттө ЖОЖ ичинде маалымат тактайларына жайгаштырууга милдеттүү.

3.4. Документтерди кабыл алууга чейин кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү жарыялайт:

- ЖОЖго жыл сайын кабыл алуу эрежелери;
- билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө болгон лицензияларына ылайык кабыл алуу жарыялануучу даярдоо багыттары менен адистиктердин тизмеси;
- ар бир даярдоо багыты менен адистиктер боюнча жалпы билим берүүчү предметтер боюнча кирүү сынактарынын тизмеси;
- жогорку кесиптик билими бар адамдар үчүн кирүү сынактарынын тизмеси жана өткөрүү формалары;
- магистратура программалары боюнча окутуу үчүн кирүү сыноолорун жана тездетилген программаларга - аттестациялык сыноолордун тизмесин жана өткөрүү формаларын;
- экинчи жана андан кийинки курстарга окууга кабыл алуу боюнча аттестациялык сынактардын тизмеси жана формалары;
- ар бир даярдоо багыты жана адистиктер боюнча биринчи курска кабыл алуу үчүн орундардын жалпы саны;
- кирүү жана аттестациялык сынактардын жыйынтыктары боюнча апелляцияга берүү жана аны кароо эрежелери;
- башка жерлерден келип тапшыруучулар үчүн жатакана(лар) тууралуу жана жатаканалардагы орундардын саны тууралуу маалымат;
- акы төлөө келишими менен окутуу орундарына тапшыруучулар үчүн келишимдин үлгүсү;

- экинчи жана андан кийинки курстарга окутуу үчүн аттестациялык сынактардын өтүү мөөнөтү;
- окутуу акысын төлөө мөөнөтү.

3.5. Документтерди кабыл алуу мезгилинде ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясы келип түшкөн арыздардын саны жана конкурс тууралуу абитуриенттерге күн сайын маалымат берип турат, абитуриенттердин бардык суроолоруна жооп берүү үчүн атайын телефон линияларынын иштеп туруусун уюштурат.

Келип түшкөн арыздардын саны, конкурс тууралуу маалымат ар бир даярдоо багыты/адистик боюнча ЖОЖдун расмий сайтында жана/же кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактайында жайгаштырылып турууга тийиш.

IV. Документтерди кабыл алуу

4.1. ЖОЖдорго кабыл алуу жарандардын жеке арыздары боюнча жүргүзүлөт.

4.2. Тездетилген программалар боюнча окутууга, ЖРТнын жыйынтыгын талап кылбаган даярдоо багыттарына жана адистиктерине документтерди кабыл алуу 20-июнда башталат, магистратура программалары боюнча 20-июнда башталат 1-октябрда бүтөт.

4.3. Абитуриенттердин – чет мамлекеттердин жарандарынын документтерин кабыл алуу АМС аркылуу жылына эки жолу: 20-июндан; 1-декабрдан тартып жүргүзүлөт.

4.4. ЖОЖго кабыл алуу туурасында арыз берүүдө абитуриент анын инсандыгын жана жарандыгын тастыктаган документти көрсөтөт. Арызга жалпы орто же орто кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документ жана тиешелүү сандагы сүрөттөр тиркелет. Кошумча документтер (ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк, медициналык-социалдык маалымкат, спорттук наамынын болушун ырастоочу документтер, мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөндүгү жөнүндө белгиси бар аскер билети ж.б.) абитуриент тарабынан, эгерде ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерге талапкер болсо, көрсөтүлүшү мүмкүн.

4.5. Ош МПУга кабыл алуу тууралуу арыз берүүдө абитуриент төмөнкүдөй документтерди тапшырып, ырасташы керек:

- ректордун атына жазылган арыз;
- паспорттун же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн;
- орто жалпы билими жөнүндө аттестаттын, кесиптик орто билими жөнүндө дипломдун түп нускасын же анын дубликатын;
- аскердик билетин же каттоо күбөлүгүн;
- керектүү сандагы фотосүрөт (3х4 - 6 даана);
- ЖРТ ырастамасынын түп нускасын;
- башка документтерди абитуриент Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган жеңилдиктерди алууга умтулган учурда көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын документтеринин көчүрмөлөрүн алар тапшырылып жаткан ЖОЖ тарабынан түп нускасы боюнча күбөлөндүрүүгө жол берилет.

4.6. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билими, орто же жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик документине эквиваленттүү билими жөнүндө документин тапшырууга тийиш.

Чет өлкөлүк окуу жайлар тарабынан берилген билим жөнүндө документтердин эквиваленттүүлүгү ыйгарым укуктуу тарабынан аныкталат. Чет өлкөлүк окуу жайлардан окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар КР ББИМ тарабынан берилген билиминин мазмунунун деңгээлинин шайкештиги жөнүндө маалымкатты бербесе кабыл алынбайт.

4.7. Гранттык (ваучердик) орундарга кабыл алуу конкурсуна предметтик тестти тапшырбаган, бирок негизги тесттен босого баллынан жогору баллга ээ болгон абитуриенттерге катышууга уруксат берилет. ЖОЖго биринчи кезекте предметтик тесттин жыйынтыгына ээ болгон абитуриенттер кабыл алынат, ал эми калган орундарга негизги тесттен босого баллдан жогору баллга ээ болгон абитуриенттер сунушталат.

4.8. Ар бир тапшыруучуга жеке дело ачылат, анда тапшырылган бардык документтер жана кирүү сыноолорунун, аттестациялык сыноолордун материалдары (анын ичинде ЖОЖдун апелляциялык комиссиясынын чечиминин протоколунан көчүрмө) сакталат.

Тапшыруучулардын жеке делосу ЖОЖдо документтерди кабыл алуу башталган күндөн тарта алты ай бою сакталат.

4.9. Документтерди тапшырууда абитуриентке документтердин кабыл алынгандыгы тууралуу тил кат берилет.

4.10. Кабыл алуу комиссиясына билип туруп жасалма документтерди тапшырган абитуриенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартылышат.

V. Жалпы республикалык тестирлөө жана кирүү сынактары

5.1. Абитуриенттерди окутуунун наркын төлөө келишими боюнча окутуунун бардык формаларына кабыл алууга конкурск учурдагы жылдын ЖРТнын жыйынтыктары боюнча АМС аркылуу жылына эки жолу өткөрүлөт (көркөм билим берүү, дене тарбия жана спорт адистиктерди кошпогондо). Кышкы кабыл алуу АМС аркылуу өткөн жылдагы ЖРТ жыйынтыктары боюнча жүзөгө ашырылат. Конкурска катышууга негизги тесттен ыйгарым укуктуу орган аныктаган босоголук баллга барабар же андан жогору баллды алган абитуриенттерге жол берилет. Кабыл алуу комиссиясы конкурска катышуу үчүн сертификаттарды кабыл алуудан баш тартууга укуксуз.

«Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык мөөнөттүк аскер кызматын өтөгөн адамдар ЖОЖдорго окууга тапшырууда артыкчылык укугуна ээ болушат. Аталган мыйзамга ылайык мөөнөттүк аскер кызматын өтөгөнгө чейин тапшырган жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы 3 жылга чейин жарактуулугу тууралуу ченем (норма) киргизилген. Аскер кызматын өтөп келген адамдар конкурска катышуу үчүн кызмат өтөөгө чейин алган сертификатты колдонушат.

5.2. ЖРТнын жыйынтыктары менен акы төлөө келишими боюнча окутуу орундарына баардык окуу формасына конкурс өткөрүүнүн мөөнөтү жана тартиби абитуриенттерди гранттык окууга тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүүгө окшош. Абитуриент ар бир турда сертификатынын кагаз же электрондук талонун тапшыруу менен бир ЖОЖду тандап алууга укуктуу. Конкурс мамлекеттик билим берүү грантын алууга талапкер абитуриенттер үчүн белгиленген, абитуриенттердин категорияларын эске албастан өткөрүлөт, эң жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алууга сунушталат.

Сынак өткөрүү жана окутуунун күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан, анын ичинде дистанттык технологияларды колдонуу менен формаларына конкурс өткөрүү жана кабыл алуу мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан өз алдынча белгиленет. Кошумча предметтик тесттерди талап кылган (медициналык адистиктерден тышкары) адистиктерге жана багыттарга окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга сынакка бул тесттерди тапшырбаган, бирок негизги тест боюнча чектиктен жогору баллы бар абитуриенттерге уруксат берилет. Бул адистиктерге эсепке киргизүүдө предметтик тесттердин жыйынтыктары бар абитуриенттер артыкчылыктуу укуктан пайдаланышат, калган орундарга негизги тесттин жыйынтыктары боюнча абитуриенттер сунушталат.

5.3. Ош МПУ кирүү сынактарын төмөндөгү учурда гана өткөрөт:

- ЖРТнын жыйынтыктары талап кылынбаган даярдоо багыттарына жана адистиктерге тапшыруучу абитуриенттер үчүн.
- абитуриенттер - чет өлкө жарандары үчүн.
- Ош МПУда ЖРТ жыйынтыктары талап кылынбаган төмөнкү адистиктерге кирүү сынактары өткөрүлөт:
- 532000 «Дене тарбия жана спорт» адистиги жана 550600 «Көркөм билим берүү» адистиги үчүн.

5.4.Ош МПУда ЖРТ жыйынтыктары талап кылынбаган адистиктердин күндүзгү, күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формасына кирүүнүн башкы критерийлери болуп кирүү сынактарынан алган абитуриенттин билим деңгээлинин жана жөндөмүнүн жыйынтыгы эсептелет.

5.5.Чет өлкөлөрдөн тапшырган абитуриенттер үчүн кирүү сынактары:

№	Адистиктер	Кирүү сынактары	Сынак түрү
1.	Физикалык-математикалык билим берүү (профили «Математика»)	1. Математика 2. Информатика 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест

2.	Физикалык-математикалык билим берүү (профили «Информатика»)	1. Информатика 2. Математика 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест
3.	Колдонмо математика жана информатика	1. Информатика 2. Математика 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест
4.	Психология	1. Кыргыз (орус) тили 2. Математика 3. Кыргыз (орус) адабияты	Тест Тест Тест
5.	Педагогика (профили «Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу»)	1. Кыргыз (орус) тили 2. Математика 3. Кыргыз (орус) адабияты	Тест Тест Тест
6.	Педагогика (профили «Педагогика жана мектепке чейинки билим берүүнүн усулу»)	1. Кыргыз (орус) тили 2. Математика 3. Кыргыз (орус) адабияты	Тест Тест Тест
7.	Дене тарбия жана спорт	1. Дене жана спорттун тандаган түрү боюнча даярдыгын текшерүү 2. Биология 3. Кыргыз (орус) тили	Прак. Тест Тест
8.	Социалдык-экономикалык билим берүү (профили «Тарых»)	1. Кыргызстан тарыхы 2. Жалпы тарых 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест
9.	Социалдык иш	1. Кыргызстан тарыхы 2. Жалпы тарых 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест
10.	Филологиялык билим берүү (профили «Кыргыз тили жана адабияты»)	1 Кыргыз тили 2 Кыргыз адабияты 3 Кыргызстан тарыхы	Тест Тест Тест
11.	Филологиялык билим берүү (профили «Орус тили жана адабияты»)	1. Орус тили 2. Орус адабияты. 3. Кыргызстан тарыхы	Тест Тест Тест
12.	Филологиялык билим берүү (профили «Англис тили»)	1. Англис тили 2. Кыргыз (орус) тили 3. Кыргыз (орус) адабияты	Тест Тест Тест
13.	Көркөм билим берүү	1. Музыкалык жөндөмүн текшерүү 2. Кыргыз (орус) тили 3. Кыргыз (орус) адабияты	Прак. Тест Тест
14.	Табигый-илимий билим берүү (профили «Биология»)	1. Биология 2. География 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест

15.	Табигый-илимий билим берүү (профили «География»)	1. География 2. Биология 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест
16.	Табигый-илимий билим берүү (профили «Химия»)	1. Химия 2. Биология 3. Кыргыз (орус) тили	Тест Тест Тест
17.	Аймак таануу	1. Англис тили 2. Кыргыз (орус) тили 3. Кыргыз (орус) адабияты	Тест Тест Тест

Кирүү сынактарына бөлүнгөн убакыт: 1 тест - 1 академиялык саат. Оозеки сынак – 1 абитуриентке 0,5 академиялык саат.

5.6. Кирүү сынактары («Көркөм билим берүү» жана «Дене тарбия жана спорт» адистиктери боюнча сынактарынан башка) жалпы орто билим берүү программаларына туура келген программалардын негизинде өткөрүлөт.

5.7. ЖОЖдордо кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөттөрү алардын уюштуруу-укуктук формаларына карабастан жайкы кабыл алууда - 1-июлдан 25-августка чейин, кышкы кабыл алууда – 20-декабрдан 15-февралга чейин. Чет өлкөлүк жарандар үчүн кирүү сынактарын өткөрүү мөөнөттөрү: жайкы кабыл алуунун алкагында – 1-августтан тартып 1-декабрга чейин чейин; кышкы кабыл алуунун алкагында – 20-декабрдан тартып 20-мартка чейин.

5.8. Кирүү сынактарынын жана аттестациялык сынактардын жадыбалы (предмети, өткөрүү күнү, убактысы, сынак тайпасы жана сынак өткөрүлүүчү жай, консультациялар, жыйынтыктарды жарыялоо күнү менен убактысы) кабыл алуу комиссиясынын төрагасы же анын орун басары тарабынан бекитилип, абитуриенттерге 20-июндан жана 15-декабрдан (кышкы кабыл алуу үчүн) чейин маалымдалат. Кирүү сынактарынын жана аттестациялык сынактардын жадыбалында сынак комиссиясынын төрагаларынын жана сынак кабыл алуучулардын фамилиясы көрсөтүлбөйт.

5.9. Документтерин кабыл алуу аяктагандан кийин алып кеткен тараптар конкурска катышуудан четтетилет.

5.10. Жүйөлүү себептер менен (себеби тастыкталган документи болсо, же башка кырдаалдарда) кирүү сынактарына кирбей калгандар кирүү сынактарынын кийинки этаптарында параллель топтор менен же алар аяктагандан кийин жекече киргизилет.

5.11. Экинчи жана андан кийинки курстарга кабыл алууда конкурс ЖОЖдор өз тарабынан өткөрүлүүчү аттестациялык сынактардын негизинде жүргүзүлөт. Абитуриент жогорку билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартында каралган сабактар боюнча академиялык айырмачылыктар менен атайын түзүлгөн комиссиянын чечиминин негизинде тиешелүү курска кабыл алынат. Академиялык айырма Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 “Кыргыз

Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүү жөнүндө жободо көрсөтүлгөн тартипте аныкталат.

VI. Кирүү сынактарынын өткөрүүнүн жалпы эрежелери

6.1. Кирүү сыноолору экзамен (оозеки же жазуу), тестирлөө (бланктык же компьютердик), маектешүү түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Кирүү сыноолорун өткөрүүнүн формасы (онлайн, оффлайн) ЖОЖ тарабынан белгиленет.

6.2. ЖОЖ кирүү сыноолорун өткөрүү үчүн заманбап тестирлөө методдорун колдонуу менен баалоо жаатында адистешкен уюмдардын тесттик тапшырмаларын, аны менен түзүлгөн келишимдин негизинде пайдаланса болот. ЖОЖдун предметтик комиссиялары тарабынан иштелип чыккан тесттик тапшырмалар, оозеки экзамен үчүн билеттер, жазуу экзамендери үчүн тапшырмалар жалпы орто билим берүү программасына туура келүүгө тийиш.

6.3. Тесттик тапшырмалардын, оозеки экзамендер үчүн билеттердин жана жазуу экзамендери үчүн тапшырмалардын пакеттери жана алардын ачкычтары (жооптору) кабыл алуу комиссиясынын төрагасында чапталган конверттерде сакталышы керек, алар тестирлөөнүн (экзамендин) алдында гана ачылат.

6.4. Тестирлөөнүн же жазуу экзаменинин узактыгы ЖОЖ тарабынан аныкталат.

6.5. Абитуриентке кирүү экзамендерине уруксат паспорту же ким экенин күбөлөндүрүүчү башка документи болгондо гана берилет.

6.6. Кирүү сыноолору башталаардын алдында экзамендик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан экзамен өткөрүү эрежелери тууралуу инструктаж өткөрүлөт.

6.7. Кирүү экзамендери учурунда абитуриенттерге төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- китептерди, дептерди, жазууларды, мобилдик телефондорду, электрондук жазуу китептерин жана маалыматты сактоонун башка каражаттарын алып келип пайдаланууга;

- сүйлөшүүгө же экзаменаторлордун уруксатысыз орун алмаштырууга;

- экзамендик билеттерди, жооптордун бланктарын жана жазууларды алмаштырууга.

Кирүү сыноолорун өткөрүүнүн тартиби жөнүндө талаптарды бир нече жолу бузган учурда абитуриент дисквалификацияланып, кийинки экзаменге киргизилбейт. Дисквалификация тиешелүү акт менен таризделип, экзамендик комиссиянын мүчөлөрүнүн колдору менен күбөлөндүрүлөт.

6.8. Абитуриент тарабынан аткарылган тесттик тапшырманы тапшырууда комиссиянын мүчөлөрү жооптордун бланкы менен тесттик тапшырманын вариантынын номери шайкеш болушун, жооптордун бланкында оңдоолордун, белгилердин жоктугун, бланктардын шарик же гель калеми менен толтурулушун текшерет.

6.9. Кирүү экзамендеринде бөтөн адамдардын катышуусуна тыюу салынат.

6.10. Экзамен аяктаганда тесттер, жооптордун бланктары жана экзамендик баракчалары кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына тапшырылат.

6.11. Жооптуу катчы кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрү менен бирге жазуу иштерин же жооптордун бланктарын шифрлейт, экзамендик баракчага жана жооптордун бланкына шарттуу шифр коет.

6.12. Экзамендик баракчалар жооптуу катчыда калат жана чапталган сейфте сакталат, ал эми жооптордун бланктары текшерүү үчүн экзамендик комиссиянын мүчөлөрүнө өткөрүп берилет,

мында аларды ЖОЖдо гана текшерүүгө уруксат берилет. Бул кирүү сыноосуна тиешеси жок адамдар текшерүүгө киргизилбейт.

6.13. Экзамендик иштерди текшерүү ошол эле күнү, шифрлөө аяктагандан кийин дароо башталат.

6.14. Экзамендик иштерди текшерүүдө төмөнкүдөй эрежелер сакталууга тийиш:

- карандаш менен боёлгон жооптор эсептелбейт;

- абитуриент тарабынан жооптун эки варианты белгиленсе, ошол суроого жооп эсептелбейт;

- жооптордун бланкында коюлган балл менен катар милдеттүү тартипте текшерүүчүнүн колу коюлат жана фамилиясы жазылат;

- жооптордун бланктарында ишке тиешеси жок кол коюлуп калса же башка жазуулар болсо, тесттик тапшырмалар эки экзаменатор тарабынан текшерилет.

6.15. Компьютердик тестирлөөнү жүргүзүүдө суроолор жана жооптор компьютердин мониторунда чагылдырылат. Эгерде бардык суроолор бүтсө же тест үчүн бөлүнгөн убакыт бүтсө, тест аяктайт. Тесттин жыйынтыгы электрондук протоколдо фиксацияланат. Тестирлөөнүн жыйынтыктары менен таанышуу фактысы абитуриенттин тестирлөө баракчасындагы колу менен ырасталып, экзамендик ведомостто фиксацияланат.

6.16. Абитуриентке конкурска катышууга укук берген минималдуу босоголук балл күн мурунтан ЖОЖ тарабынан белгиленет жана максималдуу мүмкүн болгон баллдардын санынын 40 пайызынан кем болбошу керек.

6.17. Окутуунун наркын төлөө келишими боюнча орундарга кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси экзамен өткөн күндүн эртеси саат эртең мененки 10дон кечиктирбей илинүүгө тийиш.

6.18. ЖОЖго кабыл алынган адамдардын жазуу иштери алардын өздүк ишине тиркелет же электрондук (санариптик) түрдө студенттердин маалыматтар базасына киргизилет. Кабыл алынбаган абитуриенттердин жазуу иштери алты ай аралыгында сакталып, андан соң жок кылынат.

VII. Апелляцияга берүүнүн жана аны кароонун жалпы эрежелери

7.1. Кирүү жана аттестациялык сынактардын жыйынтыгы боюнча абитуриент сынакты өткөрүүнүн (анын пикири боюнча) аныкталган тартиби бузулгандыгы, жана/же анын жыйынтыгы менен макул эместиги тууралуу жазуу жүзүндөгү арыз менен апелляциялык комиссияга кайрылууга укуктуу.

Жазуу жүзүндөгү сынак жүргүзүлгөн учурда абитуриент ЖОЖ тарабынан белгиленген тартипте өз иши менен таанышып чыга алат.

7.2. Апелляцины кароо сынакты кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароодо кирүү сынагын тапшыруунун жыйынтыгын баалоонун тууралыгы гана текшерилет.

7.3. Апелляция сынак баалары жарыялангандын эртеси күнү абитуриенттин жеке өзү тарабынан берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды кабыл алуунун толук жумуш күнү ичинде жүргүзүүнү камсыз кылат.

7.4. Апелляция каралып жаткан учурда абитуриент катышууга укуктуу. Абитуриенттин өзүндө анын инсандыгын тастыктоочу документи жана сынак баракчасы болууга тийиш.

7.5. Жашы жете элек абитуриент менен (18 жашка чейин) ата-энесинин бири же алардын мыйзамдуу (мыйзамга ылайык жашы жеткенге чейин акыл-эси толук жайында деп таанылган өкүлү (жашы жете электерди эсепке албаганда) катышууга укуктуу.

7.6. Апелляция каралгандан кийин апелляциялык комиссия сынак боюнча баа тууралуу чечим чыгарат.

7.7. Апелляциялык комиссияда пикир келишпестиктер пайда болсо, добуш берүү өткөрүлөт, чечим добуштардын көпчүлүгүнө ылайык чыгарылат. Апелляциялык комиссиянын протоколдоштурулган чечими абитуриентке кол койдуруп алуу менен маалымдалат.

VIII. Студенттикке кабыл алуу

8.1. Абитуриенттерди ЖОЖдордун, алардын уюштуруу-укуктук формасына карабастан, студенттеринин катарына окутуунун бардык формаларына кабыл алуу билими жөнүндө документинин түп нускасы же анын дубликаты бар болсо ишке ашырылат.

Магистратуранын сырттан окуу формасына жана тиешелүү профили боюнча кесиптик орто билим берүүнүн базасында окутуунун тездетилген программасына кабыл алууда гранттык же бюджеттик негизде окуган педагогикалык даярдоо багыттарынын жана адистиктеринин бүтүрүүчүлөрү, берген окуу жай тарабынан күбөлөндүрүлгөн базалык жогорку кесиптик билими (бакалавр) жөнүндө дипломдун же орто кесиптик билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсүн жана гранттык же бюджеттик негизде окугандыгы жана жумушка бөлүштүрүү жөнүндө окуу жайынын маалымкатын тапшырат.

Абитуриенттерди ЖРТнын жыйынтыктары боюнча АМСка төмөнкү документтерди электрондук түрдө тапшыргандан кийин студенттердин катарына кабыл алууга жол берилет:

- паспортун же туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүн;
- ЖРТнын сертификатын;
- жалпы орто билими жөнүндө аттестатты, кесиптик орто билими жөнүндө дипломду же анын дубликатын;
- аскердик билетин же каттоо жөнүндө күбөлүгүн.

Мында абитуриент документтердин түп нускаларын жана тиешелүү сандагы фотосүрөттөрдү 30-августка чейин ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясына тапшырууга милдеттүү.

8.2. Абитуриенттерди ЖРТнын жыйынтыктары боюнча студенттердин катарына кабыл алуу тестирлөөнүн жыйынтыктары жөнүндө сертификаттын түп нускасы болгондо жүзөгө ашырылат. Кабыл алуу комиссиясына керектүү документтерди тапшыруу жолу менен ЖОЖдо окуу ниетин ырастаган абитуриенттердин ЖРТ жыйынтыктары кабыл алууга чейин КТК тарабынан ырасталууга тийиш.

8.3. Абитуриенттерди уюштуруу-укуктук формасына карабастан ЖОЖдордун студенттеринин катарына окутуунун бардык формаларына, окутуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орундарга кабыл алуу жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча 25-августка чейин, кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча 15-февралга чейин жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк жарандардын ичинен абитуриенттерди уюштуруу-укуктук формасына карабастан ЖОЖдордун студенттеринин катарына окутуунун бардык формаларына, окутуунун наркын төлөө менен

төлөө менен келишим боюнча орундарга кабыл алуу жайкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча 1-декабрга чейин, кышкы кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча 20-мартка чейин жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк жарандардын ичинен абитуриенттерди кабыл алуу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасында же чет өлкөлөрдө келип чыккан форс-мажордук жагдайларда (табигый кырсыктар, эпидемиялар, согуштук абал, өрт, өзгөчө кырдаалдар) ыйгарым укуктуу орган тарабынан узартылышы мүмкүн.

8.4. ЖОЖго чейинки даярдоо бөлүмдөрүнүн угуучулары ЖОЖго жалпы негизде кабыл алынат.

8.5. Кирүү сыноолоруна жүйөлүү себептерсиз келбегендер же канааттандырарлык эмес деген баа алган адамдар конкурска катыша албайт жана ЖОЖго кабыл алынбайт.

8.6. Кирүү сыноолорунда же ЖРТ боюнча алган баллдын санын көрсөтүү менен конкурстун жыйынтыктары боюнча кабыл алынгандыгы тууралуу буйруктар ЖОЖдун расмий сайтында жарыяланат же кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасында жайгаштырылат.

8.7. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан көзөмөл иретинде жүргүзүлгөн текшерүүдө конкурсту өткөрүү жана абитуриентти, анын ичинде ЖРТнын жыйынтыктары тууралуу анык эмес маалыматты берүүнүн негизинде мыйзамсыз кабыл алуу фактысы аныкталган учурда студент белгиленген тартипте окуудан чыгарылат.

IX. Маалымат берүү жана көзөмөлдөө

9.1. ЖОЖдор уюштуруу-укуктук формаларына карабастан ыйгарым укуктуу органга кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу маалыматтарды төмөнкүдөй мөөнөттө берет:

- гранттык негизде окутууга - 30-сентябрга чейин;

- акы төлөнүүчү негизде окутууга - жайкы кабыл алуунун жыйынтыктары боюнча 10-декабрында чейин; кышкы кабыл алуунун жыйынтыктары боюнча 30-мартында чейин.

9.2. ЖОЖдун кабыл алуу комиссиясынын ишин контролдоо ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: **Илиязов Ж.И.**